# Химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын тарыхы

В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту түзүлгөндөн бери, алгач табигый-илимий факультеттин курамында химия кафедрасы биринчилерден болуп уюшулган.

Кафедрага 4 жылдык окуу мөөнөтү менен 25 студент кабыл алынган. Ошол учурда химия кафедрасын химия илимдеринин кандидаты, доцент З.В. Хакимов жетектеген. Доцент З.В. Хакимов жана профессордук – окутуучулар курамы окуу процессинде материалдык-техникалык базаны түзүүдө жана окуу-тарбиялык иштерди калыптандырууда окуу жайдын билим берүү процессине чоң салым кошушкан.

1957-1958-окуу жылынан баштап студенттерди кабыл алуу 50 студентке чейин жеткен, ал эми окуу мөөнөтү 5 жылдык болуп бекитилген.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин“Химия жана аны окутуунун технологиясы” кафедрасы, табигый илимдер жана туризм институтунун окуу-методикалык, илимий структуралык бөлүмү болуп эсептелет. Кафедра окуу, окуу-методикалык жана илим-изилдөө иштерин, табигый илимдер багытында бакалаврларды, магистранттарды ошондой эле химия багытындагы жогорку квалификациядагы (аспирантура, докторантура) илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону жүргүзөт.

Химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын кафедра башчысы болуп профессорлор А.Молдошев (1997-1999ж.), Ж.Асаналиев (1999-2001ж.) эмгектенишкен. 2002 – жылдан баштап кафедраны химия илимдеринин доктору, профессор Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корр. Сатывалдиев А.С. жетектеп келген.

2023 – жылдын сентябрь айынан бери кафедраны химия илимдеринин кандидаты, доцент Г.К.Насирдинова жетектеп келүүдө.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы жогорку квалификациядагы илимий педагогикалык кадрлар менен толукталган, сапаттык көрсөткүч 70% түзөт. Кафедрада 1 х.и.д., профессор Сатывалдиев А., 2 х.и.к., профессорлор Молдошев А., Сагындыков Ж., 1 п.и.к., доцент Жакышова Б.Ш., 3 х.и.к., доценттер Насирдинова Г.К., Жаснакунов Ж.К., Бакенов Ж.Б., 1 ага окутуучу Сатывалдиева Г.Э. жана 2 окутуучу Сыргакбек кызы Динара, Кулумбаев Т.К. курамынан турат.

Бакалаврды даярдоо 2012 – 2013 – окуу жылынан, ал эми магистрлерди даярдоо 2011 – 2012 – окуу жылынан бери ишке ашырылат. Кафедрада ошондой эле дистанттык сырттан окутуу системасы боюнча атайын орто билимдин негизинде окуу мөөнөтү 3 жыл болгон бакалаврлар даярдалат.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы окуу процессин окуу методикалык куралдар менен камсыз кылуу боюнча активдүү иштерди жүргүзүп келет. Профессор А. Сатывалдиев студенттер үчүн кыргыз жана орус тилдеринде “Жалпы химия”, “Элементтердин химиясы”, “Физикалык химия” окуу куралдарын, ал эми профессор А.Молдошев “Аналитикалык химия”, “Химия” окуу китебин, профессор Ж.Сагындыков “Жалпы химия”, “Физикалык химия”, доценттер Жакышова Б.Ш., Насирдинова Г.К. “Химияны окутуунун технологиялары” окуу-методикалык колдонмо даярдашкан. Бул окуу китептерин жана окуу куралдарын биздин университеттин гана студенттери эле эмес, Республиканын башка ЖОЖ дорунун студенттери да пайдаланып келишет.

Акыркы жылдарда  Сатывалдиева Г.Э, Бакенов Ж.Б., Насирдинова Г.К. тарабынан практикалык сабактар үчүн “Органикалык химия боюнча практикум” I – II бөлүктөрүн даярдашкан.

Кафедранын кызматкерлери “Нанодисперстүү материалдарды синтездөөнүн физика-химиялык негиздерин иштеп чыгуу” темасы боюнча илим изилдөө иштерин активдүү жүргүзүп келишет. Аспиранттар, магистранттар, студенттер нанодисперстүү металддарды, куймаларды жана карбиддерди синтездөө боюнча илим изилдөө иштердин үстүндө иш алып барышат. Ошол эле учурда мектептин химия мугалимдеринин сунуштары боюнча институт менен биргеликте кафедранын профессордук-окутуучулук курамы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча курстарды да ишке ашырып келүүдө.

Профессорлор А.М. Молдошев, Ж.С. Сагындыков, доценттер Жаснакунов Ж.К., Жакышова Б.Ш., Насирдинова Г.К. доктордук диссертацияларынын үстүндө иш алып барууда. Ага окутуучу Г.Э Сатывалдиева, окутуучу Сыргакбек кызы Д. кандидаттык диссертацияларынын үстүндө иштеп жатышат.

Кафедра Кыргызстандын (Ош мамлекеттик университети, Кыргыз Түрк “Манас” университети, Казакстандын (Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университети, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, Сатпаев атындагы Казак улуттук техникалык университети) жана Япониянын (Кумамото университети, Кумамото шаары ) ошону менен бирге эле Бишкек шаарындагы проф. А.Молдокулов ат. Улуттук инновациялык технологиялар мектеп лицейи жана Т.Сатылганов ат. №69 – окуу тарбия комплекс гимназиясы, №74 жалпы билим берүүчү мектеп лицейи менен да тыгыз байланышта.

Ошол эле учурда кафедранын профессордук-окутуучулар курамы окутуу процессин ишке ашыруу менен бирге эле, институттун коомдук иш чараларына өз убагында активдүү катышып келишет.

“Химия жана аны окутуунун технологиясы” кафедрасында билим алган, мугалимдик адистиктер боюнча даярдалуучу болочок кесип ээлери замандын талабына жооп берген, атаандаштыкка жөндөмдүү, ар тараптуу өнүккөн, компетенттүү адистер деп белгилөөгө болот.

2009-жылдан “Табигый-илимий билим берүү” багыты боюнча бакалаврлар кабыл алына баштаган. 2012-2013-окуу жылынан баштап факультетте билим берүү процессин реформалоонун алкагында, 550100 «Табигый-илимий билим берүү» багыты боюнча “Химия” магистрлери даярдала баштады.

Замандын талабына ылайык 2023-24-окуу жылында Химия, биология мугалими адистиги боюнча англис тилдүү тайпа ачылды.

Учурда кафедрада жогоруда аталган билим берүү программаларынын негизинде көп баскычтуу бакалаврларды, магистранттарды, аспиранттарды, докоранттарды даярдоо жүрүп жатат.

Химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын профессордук-окутуучулар курамы бакалаврлар жана магистранттар үчүн билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын иштеп чыгууда жана коомдук турмуштун бардык тармагындагы өнүгүүлөрдү эске алуу менен билим берүү программаларын жыл сайын жаңыртуунун үстүндө жигердүүлүк менен иш алып барышат жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн химия мугалимдерин даярдоону ишке ашырышат.

Бүгүнкү күндө кафедра алдыңкы инновациялык технологияларды, илимий талдоо менен бирге, илимий-практикалык иш-аракетти айкалыштырган, универсалдык жана табигый предметтер боюнча компетенцияларга ээ, квалификациялуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо менен, өлкөбүздү сапаттуу билим алган компетенттүү кесип ээлери менен камсыз кылып келет.